| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ<br>ЫЛАЙ-ТАЛАА<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЫЛАЙ-ТАЛИНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

VIII чакырылышындагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезексиз VI сессиясынын жыйынынын

## ТОКТОМУ

2025-жылдын 8 - августу, № 6/9 Ылай-Талаа айылы.

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты Өмүрзаков Сүйүнбек Абдылдаевичке « Ылай-Талаа айыл аймагынын ардактуу атуулу» наамын берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүгүнүн 34 жылдыгынын урматына Ылай-Талаа айыл аймагынын социалдык-экономикалык жактан өнүгүшүнө бараандуу салым кошкон алдыңкы адамдарына урмат, сый көрсөтүү, даңктоо иштерин жүргүзүү максатында айыл аймагына караштуу Сай айылынын жашоочуларынын 2025-жылдын 5-августундагы жалпы элдик жыйынынын протоколунун негизинде Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңеши **токтом кылат**:

1. Ылай-Талаа айыл аймагына караштуу Сай айылынын жашоочуларынын 2025-жылдын 5-августуна жалпы элдик жыйынынын протоколу бекитилсин.

2.Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде өзүнүн депутаттык ишмердүүлүгүнүн алкагында Ылай-Талаа айыл аймагындагы көйгөйлүү маселелерди мыйзам жана каржы жагынан чечүүдө көп жылдык эмгегин эске алуу менен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты **Өмүрзаков Сүйүнбек Абдылдаевичке «Ылай-Талаа айыл аймагынын ардактуу атуулу»** наамы ыйгарылсын.

3. Ардактуу наамдын ээси **Өмүрзаков Сүйүнбек Абдылдаевичке** атайын **«Ылай-Талаа айыл аймагынын ардактуу атуулу»** жазуусу түшүрүлгөн төш белги, күбөлүк жана лента атайын майрамдык иш-чарада салтанаттуу тапшырылсын.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин төрагасынын орун басары Ш.Абазбек уулуна жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Мойдунов**